№ 4-5, 2026 Эл агартуу DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5
Илимий-педагогикалык жана методикалык журнал

**УДК: 371.37.068**

***Карагозуева Г.Ж.***
*Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин алдындагы Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ МУГАЛИМДЕРДИН БААЛУУЛУККА БАГЫТТАЛГАН ЖАНА ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

***Карагозуева Г.Ж.***
*Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве просвещения Кыргызской Республики*

# ФОРМИРОВАНИЕ ЦЕННОСТНОЙ И ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ ПЕДАГОГОВ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ СРЕДЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

***Karagozueva G.J.***
*Republican Institute for Advanced Training and Retraining of Teachers under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic*

# DEVELOPING TEACHERS' VALUE-ORIENTED AND ETHNOCULTURAL COMPETENCE IN THE EDUCATIONAL ENVIRONMENT OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация.** Бул макалада билим берүүнүн жаңыланган мамлекеттик стандартынын негизинде мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн жана баалуулукка багытталган окутууну өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери каралат. Заманбап коом мугалимден предметтик билим менен катар окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууга, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды окуу процессине натыйжалуу интеграциялоого жөндөмдүү болууну талап кылат. Ушуга байланыштуу мекенчилдик, чынчылдык, адилеттүүлүк, жоопкерчилик, боорукердик, эмгекчилдик, жаратылышка аяр мамиле жана туруктуу өнүгүү принциптерин ар бир сабактын мазмунуна ылайык колдонуу зарылчылыгы белгиленет. Ошондой эле мамлекеттик стандартта аныкталган социалдык-коммуникациялык, маалыматтык-санариптик, эмоционалдык-инсандык жана үзгүлтүксүз өнүгүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун мааниси талданат. Айрыкча кызматташтык, насаатчылык, көп түрдүүлүктү кабыл алуу, маалыматтык, санариптик жана жасалма интеллект сабаттуулугу, өзүн таануу, эмоционалдык интеллект, ден соолук маданияты, функционалдык сабаттуулук, сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү бүгүнкү күндүн башкы талаптарынын бири экендиги негизделет. Макалада окуучунун ар тараптуу өнүгүшүнө шарт түзгөн, мугалимдин үзгүлтүксүз кесиптик өсүүсүн колдогон жана чыгармачыл, жоопкерчиликтүү, демилгелүү Кыргызстандын жаранын тарбиялоого багытталган билим берүү чөйрөсүнүн мааниси ачып көрсөтүлөт.
***Түйүндүү сөздөр:*** *компетенттүүлүк, баалуулукка багытталган билим берүү, этномаданий баалуулуктар, санариптик сабаттуулук, жасалма интеллект сабаттуулугу, функционалдык сабаттуулук, мугалимдин кесиптик өнүгүүсү, билим берүү.*

**Аннотация.** В статье рассматриваются актуальные вопросы развития профессиональной компетентности педагога и ценностно-ориентированного обучения в соответствии с обновлённым Государственным образовательным стандартом. Современное общество предъявляет к учителю высокие требования, предполагающие не только глубокие предметные знания, но и способность формировать личностные качества обучающихся, интегрируя национальные и общечеловеческие ценности в образовательный процесс. Особое внимание уделяется необходимости внедрения в содержание обучения таких базовых ценностей, как патриотизм, честность, справедливость, ответственность, доброжелательность, трудолюбие, бережное отношение к природе и принципы устойчивого развития. Анализируется значение формирования социальных и коммуникативных, информационно-цифровых, эмоционально-личностных компетенций, а также компетенций непрерывного развития. Подчеркивается важность развития информационной, цифровой и искусственно-интеллектуальной грамотности, навыков сотрудничества, наставничества, принятия многообразия, эмоционального интеллекта, культуры здоровья, функциональной грамотности, критического и креативного мышления. Обосновывается необходимость создания образовательной среды, способствующей всестороннему развитию личности обучающегося, непрерывному профессиональному росту педагога и воспитанию ответственного, самостоятельного, творческого и инициативного гражданина Кыргызской Республики.
***Ключевые слова:*** *компетентность, ценностно-ориентированное образование, этнокультурные ценности, цифровая грамотность, грамотность в области искусственного интеллекта, функциональная грамотность, профессиональное развитие педагога, образование.*

**Abstract.** This article examines current issues related to the development of teachers' professional competencies and value-oriented education within the framework of the updated State Educational Standard. Modern society requires teachers not only to possess strong subject knowledge but also to foster students' personal development by integrating national and universal human values into the teaching and learning process. The paper emphasizes the importance of incorporating such core values as patriotism, honesty, justice, responsibility, compassion, diligence, environmental awareness, and sustainable development into classroom instruction across all subjects. It also highlights the significance of developing social and communication, information and digital, emotional and personal, and lifelong learning competencies defined by the national educational standards. Particular

attention is given to information literacy, digital literacy, artificial intelligence literacy, collaboration, mentoring, acceptance of diversity, emotional intelligence, health culture, functional literacy, and critical and creative thinking skills. The article substantiates the need to create an educational environment that supports students' holistic development, promotes teachers' continuous professional growth, and nurtures responsible, independent, creative, and socially active citizens of the Kyrgyz Republic.
***Keywords:*** *competency, value-oriented education, ethnocultural values, digital literacy, artificial intelligence literacy, functional literacy, teacher professional development, education.*

Кыргыз эли өз тарыхында эчен мезгилдерди башынан өткөрдү. Ошол эле мезгилде өзүнүн биримдигин, үрп-адатын, салт-санаасын, кылымдардан бери келе жаткан рухий маданиятынын үлгүлөрүн сактап келди. Макал-лакаптар, жомоктор, эпостор, кол өнөрчүлүк, оюндар жана улуттук таалим-тарбия сакталып атадан балага, муундан-муунга өтүп олтуруп бүгүнкү күнгө келип жетти.

Азыркы учурда өсүп келе жаткан жаш муундун руханий дүйнөсүн байытууда мектептин, жогорку окуу жайлардын, үй-бүлөнүн жана социалдык чөйрөнүн ролу өзгөчө мааниге ээ. Алардын негизги милдеттеринин бири – жаштарды этномаданий компетенттүүлүккө жана жалпы адамзаттык, улуттук баалуулуктарга тарбиялоо болуп саналат. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда өнүккөн экономикасы, жогорку руханий маданияты, улуттук каада-салттары, адеп-ахлактык принциптери, ыймандуулугу жана адилеттүүлүгү бекемделген коомду калыптандыруу улуттук баалуулуктарга таянуу аркылуу ишке ашат. Мындай максатка жетүүдө мугалимдин кесиптик чеберчилиги, чыгармачылыгы жана инсандык сапаттары чечүүчү орунду ээлейт. Өз мекенин сүйгөн, улуттук мурастарды урматтаган, толеранттуу, акылдуу, мобилдүү, гумандуу, сабаттуу жана ыймандуу педагог гана жаш муунга үлгү болуп, алардын руханий-адептик өнүгүүсүнө натыйжалуу таасир эте алат [6].

Учурда компетенттүүлүккө негизделген билим берүү өзгөчө мааниге ээ болууда. Ушуга байланыштуу өлкөбүздө адамдын руханий-адептик өнүгүүсүнө багытталган мамлекеттик документтер жана моралдык-этикалык принциптер иштелип чыгып, билим берүү системасына киргизилүүдө. Бул документтер жаш муунду адеп-ахлактык баалуулуктардын негизинде тарбиялоонун теориялык, методологиялык жана практикалык негизин түзүп, алардын интеллектуалдык, социалдык жана кесиптик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган.
Азыркы шартта болочок педагогдордун этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу билим берүү процессинин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Бул максатта этномаданият, адеп-ахлак жана жүрүм-турум маданиятына байланышкан сабактарды системалуу уюштуруу, ошондой эле окуучуларды окутуу жана тарбиялоо процессиндеги кемчиликтерди жоюуга багытталган натыйжалуу педагогикалык ыкмаларды колдонуу зарыл. Мындай ишмердүүлүк ар бир окуучунун инсандык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө, руханий баалуулуктарын бекемдөөгө жана коомдун талаптарына жооп берген компетенттүү инсанды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

"Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" үнгүжолу мамлекеттин коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданий-руханий жактан стратегиялык өнүгүүсүнүн олуттуу жолу катары карасак болот. Кыргыз элинин байыртан берки мамлекет куруу, аны башкаруу, коргоо жана өнүктүрүү жагынан жыйнаган тажрыйбаларынын түздөн-түз уландысы. Ар бир доордун өзүнүн сынчы, ойчул, даанышмандары болуп, алардын ой корутундулары жана элдин орток акылынан жаралган эпикалык мурастар, макал-лакап, учкул сөздөр, санат ырлар жана санжыралар кыргыз коомунун демин арттырып, келечекке туура багыт берүүчү милдетин аткарып келет [7, 1].

Мугалим ар бир сабакта окуучуларда мекенчилдикти, чынчылдыкты, адилеттүүлүктү, жоопкерчиликтүүлүктү, боорукердикти, эмгекчилдикти, жаратылышка аяр мамилени жана туруктуу өнүгүү принциптерин калыптандырууга өзгөчө көңүл бурууга тийиш. Бул баалуулуктар окутулуп жаткан предметтин мазмунуна жана теманын өзгөчөлүгүнө жараша табигый түрдө интеграцияланышы зарыл.

Мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүктүн алкагында кызматташтыкты өнүктүрүү, насаатчылык, көп түрдүүлүктү урматтоо жана кабыл алуу көндүмдөрүн калыптандыруу маанилүү орунду ээлейт. Ал эми маалыматтык-санариптик компетенттүүлүк маалыматтык, санариптик жана жасалма интеллект сабаттуулугун өнүктүрүүнү талап кылат. Бул компетенциялар заманбап мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Эмоционалдык-инсандык компетенттүүлүк өзүн таанууну, өз ишин уюштурууну, өзүн-өзү тескөөнү, ден соолук маданиятын жана эмоционалдык интеллектти өнүктүрүүгө багытталат. Үзгүлтүксүз өнүгүү компетенттүүлүгү болсо экологиялык сабаттуулукту, функционалдык сабаттуулукту, сынчыл жана креативдүү ой жүгүртүүнү калыптандырууну камтыйт. Мындай компетенттүүлүктөр балдардын ар тараптуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, мугалимдин инсандык жана кесиптик жактан үзгүлтүксүз өсүшүн камсыз кылат. Ошондой эле билим берүү мекемесинде өз ара урматтоого, кызматташууга жана чыгармачылык демилгелерди колдоого негизделген коопсуз, шыктандыруучу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө болот. Натыйжада Кыргыз Республикасынын жараны ачык ой жүгүрткөн, сезимтал, өз мүмкүнчүлүгүнө ишенген, өз алдынча чечим кабыл алган, жоопкерчиликтүү, ийкемдүү, чыгармачыл жана эмгекчил инсан катары калыптанышы керек [5.2].

Билим берүү системасы ар бир адамдын жаш курагына, ден соолук абалына, социалдык же материалдык шарттарына карабастан анын интеллектуалдык, чыгармачылык, эмоционалдык жана гуманисттик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ошондой эле бардык жарандардын сапаттуу билим алууга болгон бирдей мүмкүнчүлүгүн камсыздап, сергек жашоо образын жана бакубат жашоону калыптандырууга багытталат.

Улуттук мугалимди даярдоодо дүйнөлүк алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды улуттук билим берүү салттары менен айкалыштыруу өзгөчө мааниге ээ. Ошону менен катар окутуу процессине кыргыз элинин маданий мурасын, каада-салттарын жана руханий баалуулуктарын кеңири киргизүү зарыл. Бул билим берүү процессинде этномаданий компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө, этностук жана маданий көп түрдүүлүктү урматтоого жана ар бир инсандын маданий укуктарын камсыздоого өбөлгө түзөт.

Жаңыланган мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык мугалим билим берүү процессинде окуучуларды төмөнкү негизги баалуулуктар аркылуу тарбиялоого милдеттүү: чынчылдык жана ак ниеттик; камкордук жана ынтымак; табигыйлык жана чыгармачылык; демилгелүүлүк, жоопкерчилик, эмгекчилдик жана тырышчаактык; өзүн таануу жана өз эмоциясын башкара билүү; үзгүлтүксүз билим алуу жана алган билимин башкалар менен бөлүшүү; өзгөрүүлөргө ачык болуу жана көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү; кызматташтык, насаатчылык жана командада иштөө; баланы инсан катары кабыл алуу жана анын мүмкүнчүлүгүнө ишенүү; өзүн коомдун жоопкерчиликтүү мүчөсү катары сезүү жана Кыргыз Республикасынын жараны болгонуна сыймыктануу; ошондой эле жашыл көндүмдөрдү калыптандыруу жана туруктуу өнүгүү принциптерин күнүмдүк жашоодо колдонуу.

Мындан тышкары билим берүү процессинде кыргыз элинин этномаданий баалуулуктарын кеңири жайылтуу, окуучуларда сабырдуулукту, өз ара урматтоону, маданияттар аралык диалогду жана улуттар аралык натыйжалуу кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган заманбап педагогикалык ыкмаларды пайдалануу өзгөчө мааниге ээ.

Этномаданий компетенттүүлүк заманбап билим берүү системасынын маанилүү компоненттеринин бири болуп саналат. Ал маданияттар аралык диалогду өнүктүрүүгө, көп тилдүүлүктү жана маданий көп түрдүүлүктү урматтоого, ошондой эле коомдук өзгөрүүлөрдүн шартында өз ара түшүнүшүүнү жана кызматташууну камсыз кылууга багытталат. Ушуга байланыштуу билим берүү процессинде коомдун жана маданий чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги алдыңкы тажрыйбаларды өздөштүрүү жана окуучулардын социалдык тажрыйбасына таянган окутууну уюштуруу өзгөчө мааниге ээ. Мугалимдер этномаданий компетенттүүлүктү бардык окуу предметтеринин мазмуну аркылуу комплекстүү жана көп функционалдуу негизде өнүктүрүүгө жөндөмдүү болушу керек.

Азыркы билим берүү системасында гумандуулукка, инсанга багытталган жана этнопедагогикалык мамилелерди кеңири колдонуу талап кылынат. Бул өз кезегинде көп улуттуу билим берүү чөйрөсүндө окуучулардын маданий өзгөчөлүктөрүн урматтоого, этномаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана толеранттуу инсанды тарбиялоого өбөлгө түзөт. Ошондуктан билим берүү процесси илимий негизделген педагогикалык моделдерге жана заманбап окутуу технологияларына таянууга тийиш.

Жаш муундарды тарбиялоодо улуттар аралык ынтымакты, толеранттуулукту, этномаданий укуктарды урматтоону жана маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнү калыптандыруу өзгөчө

маанилүү. Бул максатта этномаданий мазмундагы активдүү окутуу ыкмаларын комплекстүү колдонуу зарыл.

STEM багытындагы билим берүүдө предметтер аралык интеграцияны камсыз кылуу аркылуу окуучулардын илимий дүйнө таанымын кеңейтүү менен катар этномаданий баалуулуктарды окутуунун мазмунуна киргизүү мүмкүнчүлүгү кеңейет. Мындай интеграция педагогикалык илимдин өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, этномаданий билим берүүнүн теориялык негиздерин байытат.

Азыркы педагогикалык илимде «маданиятка багытталган билим берүү», «этномаданий билим берүү», «элдик педагогика», «этномаданий компетенттүүлүк», «адеп-ахлактык билим берүү чөйрөсү» жана «толеранттуулук» түшүнүктөрү кеңири колдонулууда. Бул түшүнүктөрдүн негизинде мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык-методологиялык негиздери, структуралык компоненттери, педагогикалык шарттары жана кесиптик өнүгүү механизмдери иштелип чыгып, билим берүү практикасына акырындык менен киргизилип жатат.

Билим берүү чөйрөсү инсандын ар тараптуу калыптанышына таасир этүүчү педагогикалык, социалдык жана маданий шарттардын жыйындысы болуп саналат. Ал башка этностордун маданиятын урматтоого, маданияттар аралык диалогду өнүктүрүүгө жана улуттар аралык өз ара түшүнүшүүнү бекемдөөгө багытталган билим берүү процессин уюштурууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу улуттар аралык толеранттуулукту, өз ара сый-урматты жана маданий көп түрдүүлүктү кабыл алууну өнүктүрүү менен тыгыз байланышта каралат.

Этнопедагогикалык мамиле билим берүү процессинде улуттук жана дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарын, элдик педагогиканын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле үй-бүлөлүк тарбиянын өзгөчөлүктөрүн жана ар түрдүү этностук топтордун улуттук-психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылат. Мындай мамиле окуучулардын этномаданий аң-сезимин, маданияттар аралык баарлашуу көндүмдөрүн жана толеранттуу жүрүм-турумун калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүү билим берүү уюмдарынын негизги багыттарынын бири болууга тийиш. Бул максатта билим берүү мекемелери үй-бүлө, жергиликтүү коомчулук, маданий жана көркөм өнөр мекемелери менен тыгыз кызматташып, алардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга тийиш. Мындай кызматташтык этностор аралык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу үчүн зарыл болгон билимдерди, көндүмдөрдү жана баалуулуктарды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Этномаданий компетенттүүлүк өз элинин жана башка элдердин маданияты, тарыхы, каада-салты жана руханий мурасы жөнүндө жетиштүү билимге ээ болууну, ошондой эле ар түрдүү маданият өкүлдөрү менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн өздөштүрүүнү камтыйт. Анын деңгээли инсандын этномаданий билимдеринин тереңдиги, практикалык көндүмдөрүнүн калыптануу даражасы жана көп маданияттуу чөйрөдө өзүн алып жүрүү маданияты аркылуу аныкталат. Ошону менен бирге этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу адамдын өмүр бою уланган үзгүлтүксүз өнүгүү процесси болуп саналат.

Этномаданий компетенттүүлүктү калыптандырууда коомдук жана маданий чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу өзгөчө мааниге ээ. Ар түрдүү этностордун маданияты, тарыхы, каада-салты жана руханий мурасы менен тааныштыруу окуучулардын маданияттар аралык өз ара түшүнүшүүсүн өнүктүрүп, толеранттуу көз карашты калыптандырууга өбөлгө түзөт. Бул багыттагы иштерди уюштурууда сабактарды, семинарларды, практикалык иштерди, талаа изилдөөлөрүн, экскурсияларды жана сабактан тышкаркы иш-чараларды айкалыштырып колдонуу натыйжалуу болуп эсептелет.

Этнопедагогика жана этнопсихология багытындагы сабактан тышкаркы иштер төмөнкүдөй негизги формаларды камтышы мүмкүн:

1. *Коомдук багыттагы иш-чаралар:* тегерек столдор, илимий-практикалык конференциялар, жолугушуулар, этнопедагогдор, тарыхчылар, этнологдор, маданият жана искусство ишмерлери менен жолугушууларды уюштуруу, ошондой эле улуттук тарыхка, маданиятка, адабиятка жана көрүнүктүү инсандардын мурасына арналган иш-чараларды өткөрүү.

2. *Маданий-таанып-билүү иш-чаралары:* музейлерге жана тарыхый жайларга экскурсиялар, туристтик жүрүштөр, маданият күндөрү, улуттук майрамдар, тематикалык кечелер, көргөзмөлөр, оозеки журналдар, чыгармачылык клубдар жана башка маданий иш-чаралар.

3. *Практикалык багыттагы иш-чаралар:* семинарлар, тренингдер, ролдук оюндар, долбоордук иштер, уюштуруучулук оюндар, ыктыярчылык жана кайрымдуулук акциялары.

4. *Улуттук оюн-зоок жана салттык иш-чаралар:* элдик майрамдар, театралдаштырылган оюн-зооктор, улуттук оюндар жана спорттун улуттук түрлөрү боюнча мелдештер, кыргыз элинин каада-салттарын, улуттук ашканасын жана салттуу кол өнөрчүлүгүн жайылтууга багытталган сынактар жана фестивалдар.

Этномаданий компетенттүүлүктү өнүктүрүүдө маданияттар аралык мамиле, салыштырма-тарыхый талдоо, диалогдук окутуу, талкуу ыкмалары, оюн технологиялары, көйгөйлүү жана ачык тапшырмалар, чыгармачылык көнүгүүлөр, долбоордук окутуу жана рефлексиялык ыкмалар кеңири колдонулууга тийиш. Бул педагогикалык технологиялар окуучулардын этномаданий билимин тереңдетүүгө, маданияттар аралык баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана толеранттуу инсанды калыптандырууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан этнопедагогиканын идеяларын окутуу жана тарбиялоо процессине системалуу киргизүү этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуу педагогикалык шарттарынын бири болуп саналат.

Кыргыз элинин мугалим даярдоо тажрыйбасында улуттук маданияттын байлыгын билим берүү системасына интеграциялоо өзгөчө мааниге ээ. Мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүндө, окуу-тарбия процессинде жана билим берүүнүн мазмунун жаңылоодо маанилүү багыт катары каралат. Бул багытта билим берүүнүн мазмунуна этникалык жана маданий компоненттерди киргизүүнүн теориялык негиздерин, практикалык механизмдерин жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу зарыл.

Этномаданий компетенттүүлүк – бул улуттар аралык түшүнүшүүгө жана кызматташууга даярдыкты камсыз кылган билимдердин, көндүмдөрдүн, жөндөмдөрдүн жана жүрүм-турумдук сапаттардын жыйындысы. Ал мугалимдин предмет аралык байланыштарды колдонуу аркылуу окуу мазмунун туура тандоо, аны ишке ашыруунун натыйжалуу технологияларын колдонуу, теориялык жана практикалык билимдерин өркүндөтүү, ошондой эле окуучуларды даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган педагогикалык ишмердүүлүктү уюштуруу жөндөмдүүлүгүн камтыйт.

Азыркы учурда окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, алардын көп маданияттуу коомдо өз ордун табуусуна шарт түзүү билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Анткени жаш муунду ар кандай маданий чөйрөлөрдү түшүнүүгө, башка этностордун өкүлдөрүнө урмат-сый менен мамиле кылууга жана өз ара кызматташууга даярдоо заманбап коомдун талабына жооп берет.

Ошондуктан билим берүү процессинде окуучуларды этникалык маданияттар менен тааныштыруу, ар түрдүү этностук топтордун тарыхы, каада-салты, жашоо образы жана маданий баалуулуктары жөнүндө түшүнүгүн кеңейтүү маанилүү. Мындай иш окуучуларда сабырдуулукту, өз ара сый-урматты, маданий айырмачылыктарды кабыл алууну жана коомдук жоопкерчиликти калыптандырууга өбөлгө түзөт. Демек, мугалимдин этномаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүү – окуучуларды көп түрдүү маданий чөйрөдө жашоого даярдоонун жана гармониялуу инсанды тарбиялоонун маанилүү шарттарынын бири болуп саналат.

***Адабияттар:***

1. Арутюнов С.А. Народы и культуры: Развитие и взаимодействие / С.А. Арутюнов. – М., 2000.
2. Арутюнян Ю.В. Этносоциология / Ю.В. Арутюнян, Л.М. Дробижева, А.А. Сусоколов. – М.: 2000.
3. Морфология культуры. Структура и динамика / Г.А.Аванесова, В.Г.Бабакова, Э.В.Быкова и др. Учебное пособие для вузов. – М.: Наука, 2005. – 286 с.
4. Чебоксаров Н.Н., Чебоксарова И.А. Народы, расы, культуры / Н.Н. Чебоксаров, И.А. Чебоксарова. – М.: 2004.
5.Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолу: URL: https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/kg.-
6. Балалык: URL: https://balalyk.edu.gov.kg/accelerator -
7."Алтын казык" - билим берүүнү жакшыртууга багытталган мамлекеттик программа: URL: https://kutbilim.kg/analytics/inner/altyn-kazyk-okuu-programmasy-tolugu-menen-zg-r-t/ -